# Улуттук банктын ноталары

*(2014-жыл апрель)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Апрель айында өткөрүлгөн Улуттук банктын ноталарынын беш аукционунда жарыяланган эмиссиянын көлөмү 15,0 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушундай эле көрсөткүчүнөн 17,2 пайызга жогору.

Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү апрель айында 59,8 пайызга өскөн жана 2,6 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банк жүргүзгөн акча-кредит саясатына ылайык, апрель айында сатуулардын көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар менен гана камсыздалган, алардын ири бөлүгү сатуу түзүмүндө 97,0 пайыз жалпы үлүшү менен эки коммерциялык банктар тарабынан сатылып алынган. Сатуулардын орточо аукциондук көлөмү каралган мезгил аралыгында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 56,2 пайызга өсүп, 2,6 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү апрель айында өткөн айдын деңгээлинде сакталып, 6,0 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Каралган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 49,7 пайызга төмөндөп, 1,5 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Коммерциялык банктардын портфелдеринин салыштырма салмагы бир эле мезгилде 22,0 пайызга чейин (+4,5

[1] Аталган көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун ай ичиндеги жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, себеби аукциондордун ай ичиндеги саны туруктуу көрсөткүч болуп саналбайт.

пайыздык пункт) жогорулагандан улам, Улуттук банктын ноталарын сатып алуучулардын негизгилеринин бири катары саналган юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 4,5 пайыздык пунктка, 78,0 пайызга чейин төмөндөгөн (алардын ичинен финансылык юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 0,9 пайыздык пунктка төмөндөп, 0,4 пайызды түзгөн, ал эми финансылык эмес юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 3,6 пайыздык пунктка, 77,6 пайызга чейин азайган).

Институционалдык инвесторлор, жеке адамдар жана юридикалык жактар-резидент эместер аукциондорго катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.05.2013 | 3 143,0 | 2 140,5 | 68,1% | 1 002,5 | 31,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.07.2013 | 3 105,5 | 1 836,0 | 59,1% | 1 269,5 | 40,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.08.2013 | 2 680,6 | 960,5 | 35,8% | 1 636,1 | 61,0% | - | 0,0% | 84,0 | 3,1% |
| 01.09.2013 | 2 400,0 | 370,5 | 15,4% | 2 029,5 | 84,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.10.2013 | 2 720,0 | 1 098,6 | 40,4% | 1 621,4 | 59,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.11.2013 | 2 895,4 | 1 229,5 | 42,5% | 1 665,9 | 57,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.12.2013 | 3 959,0 | 2 152,6 | 54,4% | 1 806,4 | 45,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.01.2014 | 6 645,0 | 3 892,2 | 58,6% | 2 730,7 | 41,1% | 1,0 | 0,0% | 21,1 | 0,3% |
| 01.02.2014 | 6 240,5 | 4 838,1 | 77,5% | 1 384,9 | 22,2% | - | 0,0% | 17,5 | 0,3% |
| 01.03.2014 | 5 233,1 | 3 310,4 | 63,3% | 1 917,6 | 36,6% | - | 0,0% | 5,0 | 0,1% |
| 01.04.2014 | 3 080,1 | 539,0 | 17,5% | 2 541,1 | 82,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2014 | 1 548,0 | 341,0 | 22,0% | 1 207,0 | 78,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |